**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

«Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 26-майындагы № 30 о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2014-жылдын 9-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Дж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулова, соттук отурумдун катчысы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун «Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 26-майындагы № 30 о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттануу боюнча соттук отурумга материалды даярдаган судья Ч.О. Осмонованын билдирүүсүн угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (андан ары – Конституциялык палатага) 2014-жылдын 9-апрелинде Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесин, «Кыргыз Республикасындагы саясий мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун Жарлыгынын 2-пунктун жана «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-августундагы № 164 Мыйзамынын 4-беренесинин 6-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келүүсүн таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келтирилген материалдардан келип чыккандай, Т.Акун Бишкек шаарынын Экономикалык иштер боюнча райондор аралык сотко «Эркиндигинен ажыратылган жерден А.Батукаевдин бошотулушунун жана анын республиканын чегинен сырткары чыгып кетүүсүнүн шарттарын иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссиянын ишинин жыйынтыктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2013-жылдын 30-майындагы N 3111-V токтомунун 3-пунктун, «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын (Омбудсменин) мөөнөтүнөн мурда кызмат ордунан бошотуу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атайын комиссиясын түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2013-жылдын 6-июнундагы N 3172-V токтомун, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Турсунбек Акунду мөөнөтүнөн мурда ээлеген кызматынан бошотуу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2013-жылдын 27-июнундагы N 3419-V токтомун жараксыз деп таануу жөнүндө арыз менен кайрылган.

Бишкек шаарынын Экономикалык иштер боюнча Райондор аралык соттун 2013-жылдын 16-августундагы аныктамасы менен көрсөтүлгөн жарандык иш «Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка шайлануучу, бекитилүүчү же дайындалуучу жетекчи кызматкерлерди иштен бошотуу, иштен бошотуунун күнүн жана

себептерин жазма баяндоону өзгөртүү, башка ишке которуу, аргасыз ишке чыкпай калган же аз акы төлөнүүчү ишти аткарган жана тартиптик жаза берилген мезгил үчүн акы төлөө маселелери боюнча жекече эмгек талаш-тартыштар соттук эмес тартипте чечилет. Ушул статьяда белгиленген тартипте кабыл алынган чечимдер даттанылууга жатпайт.» жобону камтыган Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин м.а. 2005-жылдын 25-майындагы ПЖ № 200 жарлыгынын 2-пунктуна шилтеме жасалып токтотулган, ага ылайык ээлеген кызмат ордунан бошотуу жөнүндө чечим даттанууга жатпайт.

Бишкек шаардык сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы ишти аппеляциялык тартипте карап чыгып, 2013-жылдын 20-сентябрында Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун 2013-жылдын 16-августундагы иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө аныктамасын өзгөртүүсүз, ал эми Т.Акундун жекече арызын канааттандыруусуз калтырган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2014-жылдын 13-январындагы токтому, Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун 2013-жылдын 16-августундагы аныктамасы, ошондой эле Бишкек шаардык сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2013-жылдын 20-сентябрындагы аныктамасы күчүндө, ал эми Т.Акундун жекече арызы канааттандыруусуз калтырылган.

Кайрылуучу тараптын пикири боюнча талашылып жаткан ченемдин негизиндеги көрсөтүлгөн сот актылары Кыргыз Республикасынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө кепилденген соттук коргонууга болгон жарандык укуктарды бузууда.

Ч.О. Осмонованын, М.Р. Бобукееванын, А.О. Нарынбекованын курамындагы Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы Т.Акундун кызыкчылыгындагы жаран А.В. Типеровдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүчтүн текшерилишин жүргүзгөн судья Ч.О. Осмонованын маалыматын угуп,2014-жылдын 26-майында аны кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кийинки негиздер боюнча кабыл алган.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, кайрылуудагы маселенин

конституциялуулугу Конституциялык палата тарабынан текшерилсе жана анын күчүндөгү актысы болсо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Ошентип, 2013-жылдын 26-ноябрында Конституциялык палата жарандар А.С. Токталиевдин жана Б.С. Чокморовдун өнчөй талабын карап чыккан, жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренеси Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан Конституциядагы каралган ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун алкагында саясий кызмат ордуларына дайындалуучу, шайлануучу, бекитилүүчү адамдарга карата ушул мыйзам жоболору тиешелүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндө, ошондой эле административдик кызмат орундарын ээлеген, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалуучу жетекчи кызматкерлердин башка категорияларына карата ушул мыйзам жоболору тиешелүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келбейт деп чечим кабыл алынган.

Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 20120жылдын 10-августундагы № 164 Мыйзамынын 4-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караштырганы, жогоруда белгиленгендей ал Конституциялык палатанын кароосунун предмети болгону да белгиленүүдө.

Андан тышкары, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык конституциялуулугу талашылып жаткан актыны жокко чыгаруу же анын күчүн жоготуусу кайрылууну Конституциялык палатанын өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Арызданучу талашып жаткан Кыргыз Республикасынын Президентинин м.а. 2005-жылдын 25-майындагы ПЖ № 200 жарлыгынын жобосу Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 18-ноябрындагы ПЖ № 210 жарлыгына ылайык күчүн жоготкон.

Жогоруда баяндалгандын негизинде Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы Т.Акундун кызыкчылыгындагы жаран А.В. Типеровдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу тыянагына келди.

Жаран А.В. Типеров судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 26-майындагы № 30 о аныктамасы менен макул болбостон, 2014-жылдын 9-июлунда Конституциялык палатага даттануу менен кайрылган.

А.В. Типеров өзүнүн даттануусунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечимине (жарандар А.С. Токтоналиевдин жана Б.С. Чокморовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугуну текшерүү жөнүндө иш боюнча) «Конституциялык палатанын мындай тыянагы бардыгы мыйзам жана сот алдында бирдей деген принципке карама-каршы келүүдө» деген Кыргыз Республикасынын Жогороку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары Э.Т. Мамыровдун, Ч.А. Айдарбекованын, М.Р. Бобукееванын Өзгөчө пикирлери тиркелүүдө деп көрсөтүүдө, ушуга байланыштуу арызданууучу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун кайра каратуу үчүн негиздер бар деп эсептейт. Ушунун негизинде А.В. Типеров Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 26-майындагы № 30 а аныктамасын жокко чыгарууну жана анын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алууну сурануда.

Конституциялык палата арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылуунун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 46-беренесине ылайык Конституциялык палата актыларды чечимдер, корутундулар, токтомдор жана аныктамалар түрүндө кабыл алат. Конституциялык палатанын чечими акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесине ылайык Конституциялык палатанын актысына макул болбогон, же Конституциялык палата тарабынан каралган маселенин маңызы боюнча чечим же корутунду кабыл алуу үчүн добуш берген, бирок кандайдыр бир маселе боюнча же кабыл алынган актынын жүйөөсү боюнча добуш берүүдө азчылыкта калган Конституциялык палатанын судьясы өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө баяндоого укуктуу. Судьянын өзгөчө пикири иштин материалдарына тиркелет жана актынын өзү жарыялануучу жаткан ошол эле басылмаларда Конституциялык палатанын актысы менен бирге жарыяланат.

Конституциялык палатанын актысы, эгерде аны жактап отурумга катышкан судьялардын көпчүлүгү добуш берсе, кабыл алынды деп

эсептелинет. Мында Конституциялык палатанын чечимине судьялардын өзгөчө пикири таасир этпейт жана кайра каратуу үчүн негиз катары кызмат кыла албайт. Конституциялык палатанын актылары бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга жатат.

Ошентип, Конституциялык палата «Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 26-майындагы № 30 о аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палата

**Т А П Т Ы:**

1. «Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 26-майындагы № 30 о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Турсунбек Акундун кызыкчылыгындагы жаран Александр Владимирович Типеровдун даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Конституциялык палатанын ушул токтому акыркы жана даттанууга жатпайт.

3. Кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**